**“Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын резервин толуктоо жөнүндө” токтомдун долбооруна маалымкат-негиздеме**

Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын курамы жана резерви 2020-жылдын 10-январында түзүлүп, КР БШКнын №3 токтому менен 5 жылдык мөөнөткө бекитилген.

2024-жылдын 17-июлунда Борбордук шайлоо комиссиясы жарандардан жана саясий партиялардан Бишкек АШКсынын резервине документтерди кабыл алуу жөнүндө кайрылуу жарыяланган.

Кайрылуунун негизинде Борбордук шайлоо комиссиясына Бишкек шаардык кеңешинин сессиясында каралган Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын резервине **11 талапкердин** документтери келип түшкөн (2024-жылдын 29-августундагы №141 токтому).

Бардык талапкерлер «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин талаптарына ылайык текшерилди. Анын ичинде текшерүү «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутумун колдонуу менен жүргүзүлдү.

2024-жылдын 6-сентябрында өткөн Жумушчу топтун жыйынында талапкерлердин документтеринин шайлоо мыйзамдарынын нормаларына ылайык келүүсү каралган.

Кароо учурунда шайлоо системасындагы иш тажрыйбасы, талапкер жашаган калктуу конуштун географиялык жайгашуусу жана негизги иштеген жери сыяктуу критерийлер эске алынган.

Карап чыгуунун жыйынтыгы боюнча Жумушчу топ жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан сунушталган бардык 11 талапкер шайлоо мыйзамдарынын талаптарына жооп берет деген чечимге келди (2024-жылдын 6-сентябрындагы №3 протокол).

Белгилей кетсек, Бишкек АШКнын резерви 56 адамдан турат, анын ичинен 6 адам саясий партиялардан, 50 адам жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн.

Ушул токтомдун долбоору менен Бишкек АШКнын резервине 11 адамды киргизүү сунушталат, ушуга байланыштуу АШКнын резерви 67 адамдан түзүлөт, анын ичинен 61 адам жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрүнөн турат.